| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ОРОЗБЕКОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Орозбеков айылдык кеңешинин кезектеги сегизинчи сессиясы**

**Учкун айылы** **01.08. 2025-ж**

## Токтом №41

### Айыл өкмөтүнө лизингге кызматтык унаа сатып алуу жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 78-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 25.07.2025-жылдагы №633-Тескемесине, Орозбеков айыл өкмөтүнүн 30.07.2025-жылдагы чыгыш №01-04/1325 сандуу катына жана айыл өкмөтүнүн кызматтык ишмердүүлүгүн натыйжалуу камсыз кылуу максатында, Орозбеков айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Орозбеков айыл өкмөтүнө лизинг жолу менен кызматтык унаа алуу үчүн “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ААК сы менен келишим түзүүгө макулдук берилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 25.07.2025-жылдагы №633-Тескемесинин 1-тиркемесине ылайык иш-кагаздарын тактап, лизингге кызматтык унаа алуу боюнча өтүнмө берүү айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **К. Каримов**